ОБОНУҢ ЫРДЫН СӨЗҮН ЭЗЕТ ЭКЕН...

(Атактуу композитор Жумамүдүн Шералиевдин небересинин бири – обончу, ырчы Кубат Тойчиевге)

Куттуктап туулган күнүн неберемдин,
Ырахмат келгениңе, Кубатжаным.
Кулагымдын курсагын тойгузганың –
Чоң атаңдын өнөрүн улантканың.

Обонуң ырдын сөзүн эзет экен,
Кулактын түпкүрүнө жетет экен.
Кубанткан кыргыз элин жетимиш жыл.
Жумамүдүн арбагына таазим этем.

Отузду жаңы гана араладың,
Чоң атаңдай токсон, жүздү аралагын.
Көрсөтсөң өнөрүңдү өмүр бою,
Элиндин кызматына жараганың.

Күйүп тур Токтогулдун чырагындай,
Шаркырап ак Нарыңдын булагындай.
Аз болсо да саз болуп элге жетсин,
Обондоруң Таласымдын Чубагындай.

МУГАЛИМСИЗ БҮТКҮЛ ДҮЙНӨ КАРАҢГЫ

Жумшартып кыргыздардын катуу тилин,
Татар келип үйрөткөн латын тилин.
Апай дешип, агай дешип окугандар,
Алган болчу алгачкы ирет илим-билим.

Айтканбыз алкыштарды татарларга,
Кошушкан билим берип катарларга.

Сабатын жоюп алган кыргыздарым,
«Почём?» деп сүйлөп калчу базарларда.

Жоюлуп сабатыбыз, кайта өзүбүз,
Мугалимдик кесипти жылоолодук.
Балдарыбыз үйрөнүп «Алиппени»,
Эшик ачып, билимди ыроолодук.

Байдыкем айтып кеткен кандидаттар,
Доктору болду илимдин топтолушуп.
Кээ бирлери академик, профессор,
Кээ бирлери иштеп жатат сот болушуп.

Жоюлсун сабатың деп ураан салган,
Айткылачы чындыгын, алар кимдер?
Ата-энеден кийинки балдарымдын,
Экинчи ата-энеси – мугалимдер.

Билишет, көрүп турат бүт элибиз,
Көңүл бөлүп, барктабайбыз неге аларды?
Билим алып окубай калсак эгер,
Мугалимсиз бүткүл дүйнө капкараңгы.

Айлыгы аз, курсагы ач мугалимдин,
Калтырат азыркы абал ойду ачуу.
Бийликтеги адамдарга айтаарым бул:
Айлыктарын көбөйтүп койгулачы!

«МОСКВИЧТИН» АРМАНЫ ЖЕ «КЫРГЫЗ МАШИНА» ЖӨНҮНДӨ

(Тамаша ыр)

Сашкабай айдап күнү-түн,
Оодарды жаман эсимди.